# ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН САКТОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1. ишкананын кызматкерлери ээлеген кызматына карабастан өрт коопсуздук эрежелерин билүү жана аны аткарууга милдеттүү.

2. Мекеме ишканаларда өрт коопсуздугун камсыздоо жана аткаруу ошол мекеменин башчысына жүктөлөт.

3. Бардык кызматкерлер өрт коопсуздук эрежелеринин нускамалары менен таанышуулары зарыл, өрт кокустугу чыккан мезгилде өрт өчүрүү кызматына чакырууну билүүлөрү, ошондой эле өрт өчүрүү шаймандары менен иштөөнү билүүлөрү керек.Мекеме ишкананын башчылары кызматкерлерди өрт коопсуздук эрежелери менен тааныштыруруга милдеттүү.

## 2. ИМАРАТТАГЫ САКТАЛУУЧУ ӨРТ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ.

1. Мекеме ишканалардын коридорлору, негизги өтүүчү жолдору, кошумча эшиктер жана лестницалар ачык болуп, тосмолор менен тосуулбаган абалда болуусу зарыл.

2. Баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандар, өрт өчүргүчтөр ар дайым оӊ абалда сакталуучу жана алып иштетүүгө ыӊгайлуу жерде сакталышы зарыл.Баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандарынын башкы кызматтарга иштетүүгө тыюу салынат.

3. Электр жылыткыч шаймандароын колдонууда өрт коопсуздук эрежелерин так сактоо зарыл.Ачык спиралдуу электр жылыткычтарын колдонууга тыюу салынат.

4. Жумуш убактысы бүткөндөн кийин бардык бөлмөлөр көзөмөлдөн өткөрүлүп,электр жабдыктарын жана жарыктарды өчүрүү зарыл.